Өзүң айыз деп эсептеген мөөнөтүңчө намазды токтотуп тур да, анан жуунуп (окуй) бер" - деди

Ыймандуулардын энеси Айша (ага Аллах ыраазы болсун) минтип айтат: Абдурахман бин Ауфтун аялы Умму Хабиба бинт Жахш Аллахтын элчисине (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) каны токтобостугун айтып арызданып келди. Ал ага: "Өзүң айыз деп эсептеген мөөнөтүңчө намазды токтотуп тур да, анан жуунуп (окуй) бер" - деди. Ошондон кийин ал ар бир намазына жуунуп жүргөнүн көрдүм.

[Сахих (ишенимдүү)] [Муслим жазып калтырган]

Сахаба аялдардын бири пайгамбарыбызга (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) каны эч токтобостугун айтып арызданат. Аны мындай абалган туш болгонго чейин канча убак айыз көргөн болсо, ошончо убак намаз окубай туруп, андан кийин жуунуп намаз окуй берүүгө буйруйт. Ал болсо ыктыярдуу түрдө ар бир намазын жуунуп анан окуп жүрдү.

http://sunnah.global/hadeeth/ky/show/10015